| | |
|---|---|
| **3,2**<br>**Билим берүү чөйрөсүнүн коопсуздугунун талаптарын сактоо (экологиялык, санитардык-эпидемиологиялык жана гигиеналык эрежелер жана ченемдер, өрткө каршы коопсуздук, эмгекти коргоо жана коопсуздук техникасынын эрежелери)** | Билим берүү чөйрөсүнүн коопсуздугунун талаптарын сактоо үчүн төмөнкүлөр иштелип чыккан жана жетекчиликке алынат:<br>- Мектептин ички тартиби<br>- Иш-кагаздары боюнча талаптар<br>- Коопсуздук эрежелер<br>- Өрт коопсуздугу боюнча эрежелер<br>- Санитардык-эпидемиологиялык эрежелер<br>- Үч тараптуу келишимдер<br>- Мугалим. Кызмат ортосунда эмгек келишими<br>- Билим берүү аймагында жашылдандыруу<br><br>Билим берүү чөйрөсүндө коопсуздук талаптарды сактоо жана уюштуруу үчүн төмөнкү иштер колго алынган:<br>1. Экологиялык-мектептин ичи, сыртын жашылдандыруу. Окуу кабинеттери, залдар толугу менен жашылдандырылган. Мектептин алдында декоративдик бактар да тигилген.<br>2. Санитардык –эпидемиологиялык жана гигиеналык эрежелер толук сакталып келет: мусордук урналар зал, коридор, мектеп фасадында, айланасында толук орнотулган. Санитардык талаптарды аткаруу максатында нускама, жоболорго ылайык иштер алып барылып келет.<br>3. Окуу кабинеттердин, залдардын тазалыгы үчүн нускама, инструктаждар өтүлгөн, тазалык сакталат, окуучулардын жеке гигиенасы боюнча класстык сааттар өтүлүп, түшүндүрүү иштери болуп келет.Азыркы учурдагы пандемияга каршы санитардык-гигиеналык нормалардын бардыгы аткарылууда. Мектепте кирүү фильтри уюштурулуп, ар бир окуучунун жана мугалимдердин дене табын текшерүү жана ден соолугунун абалы жөнүндө атайын журналга катталып, түшүрүлөт. Ар бир класста окуучулар жекече коргонуу каражаттары менен камсыздалган.<br>4. Өрт коопсуздугун сактоо боюнча атайын иштелип чыккан №1 педагогикалык кеңешмеде бекитилген баштапкы профсоюз уюму менен макулдашылган көрсөтмөнүн негизинде иш алып барылат.Эмгекти коргоо боюнча докладдар окутулат.Окуу семинарлары уюштурулуп ,инструктаж өткөрүлөт . Класстык бөлмөлөрдө,залда коопсуздук эрежелерини көрсөтмөлөрү илинген. Окуучуларга тааныштырылып кол койдурулган документтер бар. Өрт жана экологиялык коркунучтарды жоюу үчүн өрт өчүрүүчү щить жана ага тиешелүү жабдыктар: өрт өчүрүүчү баллондор, күрөк, лом, кум салынган ящик, өрт өчүрүүчү гидрант бар. Мектептин чатыры өрттөн сактоочу заттар менен чачыратуу сигнализация менен камсыз кылынган. Өрт өчүрүүчү каражаттар 100% жетиштүү. Өрт коопсуздугу жана техникалык коопсуздук эрежелер боюнча мектеп ичинде ар бир адам КРдин өрт коопсуздугунун 1995 – жылдын № 33 инструкциясынын негизинде эрежелер сакталат. Мектептке эмгек өргүүсүнүн келген ар бир мугалим жана техникалык кызматкерлерге өрт |

| | |
|---|---|
| | коопсуздугунун инструктажы менен таанышып атайын журналга кол коюлгандан кийин гана иштөөгө жол берилет. Эвакуация пландары илинген жана өрт өчүрүүчү щит ага тиешелүү жабдыктар; өрт өчүрүүчү балондор, күрөк, лом, кум салынган ящик, бочка, гидрант менен камсыз болгон. айына бир жолудан өрт коопсуздугунун алдын алуу боюнча тревогалар өтүлүп , актылары түзүлүп турат<br>Техникалык коопсуздук эрежелери, өрт коопсуздугу, эмгекти коргоо боюнча инструктаж өтүлүп турат.Ошондой эле физика , химия , информатика , кол эмгек кабинеттеринин ар биринде инструктаж өтүлүп , тааныштыгы тууралуу окуучуларга кол койдуруп алышат. Өрт коопсуздугун сактоо боюнча атайын ыктыярдуу топ түзүлгөн жана өрт коркунуч чыккан мезгилде 1-3 –этажга акылдуу коңгуроонун аппараты аркылуу мектептин бардык кабинеттерине жеткиликтүү угулуп турат. . |